Осмонова Ж.

К. Тыныстанов ат. ЫМУ

КЫРГЫЗ ТИЛИН ИЗИЛДӨӨНҮН ТАРЫХЫНАН

(К. Тыныстановдун морфологиясындагы фонетикалык маселелердин изилдениши)

Кыргыз тил илимине, улуттук жазуу системасына негиз салган, алгачкы эне тил окуу китептерин, жазма тилдин терминологиясын жана орфографиясын иштеп чыккан кыргыздын улуу инсаны проф. К.Тыныстанов экендиги белгилүү. Совет мезгилинин алгачкы жылдарында өз эне тилинде газета - журналдарды, окуу куралдарын басып чыгаруу үчүн, баарыдан мурда, кыргыз алфавитин түзүү зарыл эле. Алфавитти түзүш үчүн кыргыз тилинин фонемалык курамын илимий негизде аныктоо талап кылынган. Ошондой эле морфология жана синтаксис маселелерин изилдөө, иштеп чыгуу да зарыл эле.

Бул иштерди иштеп чыгууда проф. К.Тыныстанов, акад. Х.Карасаев, акад. К.К.Юдахин, проф. И.А.Батманов, филология илимдеринин кандидаты Ж.Шүкүров ж.б. зор эмгек сиңиришкен.

«К.Тыныстановдун бул эмгектери кыргыз тилинин грамматикалык фактыларын системалаштыруунун башталышы болду» - дейт акад. К.К.Юдахин.

Бул автордун эмгектеринин ичинен өзгөчө орунду 1934–жылы чыккан «Кыргыз тилинин морфологиясы аттуу эмгеги ээлейт. Аталган эмгекте фонетикалык, морфологиялык жана бир катар синтаксистик маселелер берилген. Биз бул макалада фонетикалык маселелердин айрымдарынын маанисине, алган ордуна, изилденишине кыскача токтолмокчубуз.

Мындан мурда жарыяланган макалабызда автордун аталган эмгегиндеги тыбыш менен тамга түшүнүктөрү жана тыбыштардын классификацияланышы жөнүндөгү маселеге токтолгон элек. Макаланын уландысы катары бул эмгектеги «тыбыштык өзгөрүүлөр» жөнүндөгү маселеге токтолмокчубуз.

Тыбыштар, жогоруда көрсөтүлгөндөй жеке-жеке турбайт, алар сүйлөө речинде бири-бири менен куюлуша айтылат да, өз ара бири-бирине таасирин тийгизет. Мунун натыйжасында ар түрдүү мүнөздөгү өзгөрүүлөр пайда болот. Андай өзгөрүүлөр жалпысынан комбинатордук өзгөрүү же коартикуляциядан (бирге артикуляциялануудан) пайда болгон өзгөрүү деп аталат.

Тыбыштардын комбинатордук өзгөрүшүндөгү негизги маселени тыбыштардын ээрчишүүсү ээлейт. Кылдат тилчи К.Тыныстанов бул маселени «үндөштүктөр закону» деген атайын теманын алдында карайт /17-б./. Ал «уңгудагы жана мүчөдөгү тыбыштардын белгилүү жол менен ээрчишкендигин үндөштүк закону дейбиз» /17-б./ деп аныктайт да, ушул аныктамага ылайык уңгу менен мүчөдөгү ээрчишүүгө көңүл

бурат. Биздин пикирибизче, бул аныктама азыр да өз күчүн сактай алат. Буга карата тыбыштар да, негизинен ээрчише тургандыгын эскертүү керек жана аныктамадагы «белгилүү жол» деген сөз тизмегинин маанисин тактоо керек.

К.Тыныстанов жогорудагы анык-тамада «белгилүү жол» деген сөз тизмегин бекеринен колдонбогон.

Китептеги фактыларга караганда, тыбыштар жасалышындагы үндүн катыш өзгөчөлүгүнө жана жасалуу ордуна карай бир ыңгай өзгөрүшөт деген маанини ал «белгилүү жол менен ээрчишет» деген сөз айкалышы аркылуу берүүгө аракет кылган.

Биздин пикирибизче, бул аракет абдан туура болгон, анткени тыбыштар бардык өзгөчөлүгү боюнча эле айтылып, созулма-кыскалыгына, өз ара бири-бирин ээрчибестен, жасалуу ордуна жана үндүн катышына карай гана ээрчишет.

Түркологиялык адабияттардын көпчүлүгүндө үндүү тыбыштардын өзгөрүшү сингармонизмге, үнсүз тыбыштардын өзгөрүшү ассимиля-цияга байланыштуу каралат. Биз дагы ушул принципке кошулабыз, ошого ылайык «Морфологиядагы» материалдарга көз чаптырабыз.

1.Сингармонизм

Түрк тилдериндеги сөздөрдүн басымдуу көпчүлүгү сингармонизм законуна баш иет. Бул закондун принциби боюнча сөз ичиндеги үндүүлөр же жалаң жоон /тил арты/, же жалаң ичке /тил алды/ үндүү болуу керек. Мисалы: кишилер /жалаң ичке үндүү/, адамдар /жалаң жоон үндүү/. Мындай өзгөчөлүк тил күүсү /палаталдык аттракция же линг-валдык сингармонизм/ деп аталат.

Кыргыз тилинде /ушуга жакын алтай тилинде да/ сөз ичиндеги үндүүлөр көбүнчө жалаң эринчил же эринчил эмес болушат.

Мисалы, жоону деген сөздө жалаң эринчил үндүү, талаа деген сөздө жалаң эринчил эмес үндүү бар. Бул жагынан мындай сөздөр эрин күүсүнө / лабиалдык аттракция же лабиалдык сингармонизмге/ баш ийген деп айта алабыз. «Морфологияда» үндүүлөрдүн ээрчишине карата атайын тема берилет, бирок сингармонизм закону деген эмне? деген суроо чечилбейт. Биздин пикирибизче, бул туура болгон, анткени бул китеп 5-6-класстын окуучулары үчүн арналган. Ошондуктан мектеп окуучуларынын жаш өзгөчөлүгү жана билим деңгелине ылайыкталган.

Көрүнүктүү окумуштуулар В.В. Радлов, П.М. Мелиоранский, В.А. Богородицкий ж.б. түрк тилдериндеги сингармонизм законун талдоо менен уңгудагы үндүү мүчөдөгү үндүүнү өз артынан ээрчитет деген пикирди айтышат[1].

Автодидектик К.Тыныстановдун «Уңгу менен мүчө айкашканда, мүчөдөгү үндүү тыбыш уңгунун аяккы муунундагы үндүү тыбышты ээрчийт» /17-бет./ деген пикири жогорудагы окумуштуулардын пикири менен толук түрдө үндөшүп турат.

[1] / Караңыз: В.В.Радлов. Phonetik der Nordlichen, Turk-sprachen , - 10-11-б.
П.М.Мелиоранский. Краткая грамматика казак-киргизского языка, часть 1, стр.16;
В.А.Богородицкий. Этюды по татарскому языкознанию, стр. 58.

К.Тыныстанов мүчөдөгү үндүү-лөрдүн баары эле уңгудагы үндүүлөрдү тикедентике ээрчибестен, ырааттуулук менен ээрчишет деген туура пикирди айтат. Ошондуктан «мүчөдө эки муун болсо, анын аяккы муунy өзүнүн алдындагы турган муунду ээрчийт» /17-б./ деп жазат. Бул түшүндүрмөдөн биринчи муундагы үндүү экинчи муундагы үндүүгө, экинчи муундагы үндүү үчүнчү муундагы үндүүгө /дагы у.с./ таасир этет. Ошондуктан биринчи муундагы үндүү дээрлик түрдө таасир этүүчү, акыркы муундагы үндүү тыбыш таасирди кабыл алуучу, ортодогу үндүүлөр таасир этүүчү да, таасирди кабыл алуучу да болуп саналат деген туура пикир пайда болот.

Үндөштүк законуна баш ийүүчү мүчөлөр, негизинен, «а» жана «ы» тыбыштарынын бири аркылуу айтыла тургандыгы да «Морфологияда» туура көрсөтүлгөн. Ошондуктан кийинки граммати-каларга /Бакеев менен Бактыбаевдин «Морфологиясына/ зор таасирин тийгизген/ ал гана эмес, кээ бир жерлери көчүрүлгөн/. Бул пикирди далилдөө үчүн эки «Морфологиядагы»айтылган пикирди салыштыралык; К.Тыныстанов: « Биринчи муундары А менен башталган мүчөлөр да, биринчи муундары Ы менен башталган мүчөлөр да уңгу сөздүн аяккы муунун төрт түркүн гана ээрчийт. Маселен: муунy А дан курулган мүчөлөр же А боюнча калат, же Э ге өтөт, же О го, Ө гө өтөт; Муунy Ы дан курулган мүчөлөрдөн же Ы боюнча калат, же И ге өтөт, же Уга, же Үгө өтөт» /17-б./. К.Бакеев жана Бактыбаев:

«Биринчи муунy «А» менен келген мүчөлөр да, биринчи муунy «Ы» менен келген мүчөлөр да уңгуга айкашканда негизинен төрт түркүн гана ээрчийт.

Мүчөдөгү үндүү тыбыш «а» болсо, а боюнча калат же О, Ө, Э тыбыштарына өтөт, анткени мүчө-дөгү А тыбышы кең үндүү…

Үндүү тыбышы Ы болсо, Ы боюнча калат, же, у, и, ү тыбышына өтөт» /Морфология», 20-б./. К.Тыныстанов:

«Муунунда созулма уу тыбышы барлуу мүчө үндүү тыбышы эки гана түркүн өзгөртөт: Эгер сөздүн аяккы муунy жоон үндүүлөрдөн курулса, луу- дагы үндүү тыбыш өзгөрбөйт. Уңгунун аяккы муунy ичке үндүүлөрдөн болсо, уу тыбышы үү гө айланат» /18-б/. К.Бакеев менен Бактыбаев:

Муунунда созулма /уу/ тыбы-шы бар – луу сыяктуу мүчөнүн үндүү тыбышы эки түркүн гана өзгөрөт. Эгер уңгу сөздүн аяккы муундары жоон үндүүлөрдөн болсо, луу мүчөдөгү үндүү өзгөрбөйт.

Эгер уңгу сөздүн аяккы муунy ичке үндүүлөрдөн болсо, мүчөдөгү үндүү уу-үү гө өтүп-лүү болот» /21-б/. Бул үзүндүлөр үндүүлөрдүн ээрчишүүсүн аныктоодо К.Тыныс-тановдун К.Бакеев менен Бакты-баевдерге канчалык даражада таасир эткендигин, кийинкилердин кошум-чалары канчалык күчкө ээ экендигин толук далилдей алат.

Тыбыштардын комбинатордук өзгөрүшүн изилдөөдө үндүүлөрдүн сыйлыгышуусу да эске алынуу керек. Бул маселеге «Морфоло-гияда» атайын көңүл бурулуп, «Сыйлыгышуу закону» деп аталган.

К.Тыныстанов анда үндүүлөрдүн сыйлыгышынын бир гана учуруна /аягы үндүү менен бүткөн сөздөргө үндүү менен башталган мүчө улангандагы сыйлыгышууга/ токтолгон. Берилген аныктама да ошого негизделген /«Уңгудагы үндүү тыбыш менен жанаша келгенде мүчөнүн башында турган үндүү тыбыштын жутулуп кетишин сыйлыгышуу закону дейбиз» - дейт ал /19-бетте/.

Бирок ушул темада «Жалгыз гана созулуп айтылуучу уу дан жасалган мүчө, уңгудагы үндүү менен айкашканда, өзүн сактап калып, уңгудагы үндүүнү жутулдурат.

Маселен: Тааны-таануу» /19-б./ деп жазуу менен бир жактуу кеткен, анткени, биринчиден,жалгыз гана созулма уу тыбышы уңгунун аягындагы үндүүнү сыйлыгыштырган деп эсептеп, калган созулмаларда да ушундай эле өзгөчөлүк болору эске алынбаган.

Экинчиден, созулма оо, өө мүчөлөрүн созулма уу-нун варианты деген пикирди жазууга аргасыз болгон.

2. Ассимиляция

Үнсүз тыбыштардын өзгөрүү, өзгөрбөй калуу мүмкүнчүлүгү, биринчиден уңгу - сөздүн акыркы тыбышына, экинчиден, мүчөнүн башкы тыбышына байланышат. Мына ошого ылайык өзгөрүүнүн багытын белгилөөгө да болот. Мисалы, китепти деген сөздө табыш жөндөмөнүн мүчөсү /-ны/ уңгу-нун акыркы тыбышына ылайык үнсүзүн өзгөрттү. Тилегим деген сөздө «К» тыбышы кийинки үндүүнүн таасири менен «Г» формасында айтылды.

Жогорудагы өзгөчөлүктөргө карап ассимиляциянын эки түрү бар экендиги белгиленет:

а/ прогрессивдүү ассимиляция /алга карай ээрчишүү, алга карай окшошуу/, б/ регрессивдүү ээрчи-шүү /артка карай ээрчишүү же артка окшошуу/.

К.Тыныстановдун эмгегинде да ассимиляциянын эки түрү тең эске алынып, анын биринчиси» үнсүздөрдүн ээрчишкени» деген темада, экинчиси» үнсүздөрдүн тетири ээрчишкени» деген темада /21-б/ баяндалган.

«Үнсүздөрдүн алмашканы» деген темада мүчөнүн башындагы

« Н », « Л», «Д», «Б», «Г» тыбыштарынын өзгөрүшү туура көрсөтүлгөн. Бул азыркы мезгилде да өз күчүн толугу менен сактап турат. Биз алардын бардыгына токтолуп отурбастан,

К.Тыныстановдун таблицасын берүү менен гана чектелебиз.

Л	Лар	Ү-үндүү дегенди билгизет
Ү+й=л	Ү=й=р=	ж- жумшак үнсүз
Ж-й=д	Ж-й-р=	Й-«й»тыбышы, р-«р»
к/Q/=т	к/ Q/=т	к/Q/-каткалаң үнсүз/.
Н	**Б, Г, Д**	
Ү=Н	Ү+ж=д,б,г	
Ж=д	К/ Q/=т,п, к /q/.	
К/ Q/=т		

«Үнсүздөрдүн тетири ээрчишкени» деген темада мүчөнүн башындагы тыбыштын таасири менен сөздүн аягындагы «н» тыбышы «ң» болуп, /сын-! сыңгыч/ же «м» болуп /жан-жамбас/, «Ч» тыбышынын «т», «с», «ч» тыбыштарынын алдында «ш» болуп /ач- ашты, ашчы,ашсы/ айтыла тургандыгы, бирок жазууда берилбестиги туура баяндалган. «Морфологиядан» аты аталбаса да, толук ассимиляцияга жана толук эмес ассимиляцияга ылайыктуу болгон тилдик фактылар да орун алган. Мисалы: <u>каңкор, тамба, кашты</u> деген сыяктуу сөздөр толук эмес ассимиляцияга, кассымал, алсыра деген сөз толук ассимиляцияга үлгү боло алат.

Бул эмгектен «<u>Үнсүздөрдүн алмашканы»</u> деген тема да кезигет /21-б./. Анда «к», «п» тыбыштарынын «г», «б» тыбыштарына өтүшү баяндалып, <u>акагынды,</u> <u>таптабылга</u> деген сыяктуу мисалдар келтирилет. Биздин пикирибизче, бул өзүнчө өзгөчөлүктөгү кубулуш эмес, регрессивдик ассимиляцияга кирүүчү гана кубулуш. Ошондуктан атайын темада жогоркулардан бөлүп алып кароонун зарылдыгы жок сыяктуу.Мындагы бир өзгөчөлүк алардын /кийинкилердин/ айтылышынча гана жазыла тургандыгында. Ошентип, тыбыш-тардын өзгөрүшү жөнүндөгү К.Тыныстановдун пикирин төмөнкүчө корутундулоого болот:

а/ Үндүү тыбыштардын өзгөрүшү, мүчөдөгү үндүүнүн көбүнчө уңгудагы үндүүгө ылайык өзгөрө тургандыгы туура көрсөтүлгөн.

б/ Үндүүлөрдүн сыйлыгышынын бир учуру туура байкалган, бирок −ОО,-ӨӨ мүчөлөрү - УУ мүчөсүнүн варианты катары эсептелген.

в/ Үнсүздөрдүн өзгөрүшү, ал өзгөрүүнүн өзгөчөлүгү /оң жана терс өзгөрүү/, жазылышы туура баяндалган, бирок «үнсүздөрдүн алмашканы»деген тема өз милдетине жооп бере албай калгандай, албетте бул мезгилдин талабына байланыштуу.

г/ Үнсүздөрдүн өзгөрүшү /ошол сыяктуу үндүүлөрдүкү да/ бай фактылардын негизинде жазылган жана андан бир да жасалма факторун албаган /кийинки пикир мындан мурунку темаларга да тиешелүү/.

д/ Тыбыштардын өзгөрүшүн «Морфология» бөлүмүндө/ тактап айтканда, сөз курулушунда, баяндалышы туура болбой калган, анткени алар морфологиялык вариант эмес, фонетикалык вариант, ошондуктан аларды «фонетика» бөлүмүндө берүүнү илимий жактан туура деп эсептейбиз.

Муун

Тилдин фонетикалык бирдигинин бири - муун. Бул маселени чечүүдө сөздөрдүн жазылыш өзгөчөлүгүн эске албастан, айтылыш өзгөчөлүгүн эске алуу керек, аткени сөздөрдүн жазылышы менен айтылышында муундук саны дайыма эле туура келе бербейт. Мисалы, лампа деген сөздүн жазылышын эске алсак, эки муун /лам-па/ айтылышы боюнча үч муун /ы-лам-па/. Бара албайт деген сөздүн жазылышын эске алсак, төрт муун /ба-ра ал-байт/, айтылышы боюнча үч муун /ба-рал-байт/. Демек сөздүн муун өлчөмүн белгилөөчү негизги белги сөздүн жазылышы эмес, айтылышы[2]. Ошондуктан муундун мүнөздөмөсү да ушул белгиге ылайыктуу болуу керек.

Бул жагынан К.Тыныстанов туура жолдо турган. Ал муунга берилген мүнөздөмөнү мындайча баштайт:

«Байкасак, сүйлөп турганыбызда кай бир айрым сөздөр, билер-билмексен болсо да, бир нечеге бөлүнө калат.

Мындай бөлүнө калыш, кай бир сөздөрдү созуп жай айтканыбызда, ачык билинип турат» /5 - 6./. Мындан муундун экспирация аркылуу /өпкөдөгү желди сыртка чыгаруу аркылуу/ жасала турган-дыгын түшүнүү кыйын эмес.

Автор муундун фонетикалык категория экендигин так түшүнгөндүктөн, ага /муунга/ илимий негиздеги төмөнкү туура аныктаманы бере алган: «Айрым сөздөрдүн айтканда бөлүнө калган айрыгын муун дейбиз» /5-б./ Бул аныктама, мындан көп жыл мурун жазылса да,өз күчүн толугу менен сактап келе жатат. Ал азыркы мезгилдеги мектеп грамматикаларындагы муунга берилип жүргөн аныктама менен салыштыруудан айкын көрүнөт.

Түрк тилдеринде /анын ичинде кыргыз тилинде да/ муун жасоо касиетине бардык тыбыштар ээ боло бербейт. Үнсүз тыбыштар өз алдынча туруп муун жасай албайт, үндүү тыбыштар гана муун жасай алат. К.Тыныстанов бул өзгөчөлүктү туура байкап «Бир сөздө канчалык үндүү тыбыш болсо, анда ошончолук муун болот»

/5-б./деп туура жазган.

Муундун түрлөрүн белгилөө жагынан К.Тыныстановдун «Морфологиясы» азыркы мезгилде 5-6- класстар үчүн колдонулуп келген Д.Исаевдин «Морфологиясынан» алда канча жогору турат. Анткени Д.Исаевдин «Морфологиясында» муундун ачык жана жабык болуп экиге бөлүнүшү гана көрсөтүлөт да, муундун структурасына көңүл бурулбайт./аталган эмгектин 35-б. караңыз/.

К.Тыныстановдун эмгегинде муундун структуралык жактан төмөнкү өзгөчөлүгү көрсөтүлөт:

1 /А/ үндүү тыбышты билги-зет/: ЭЭ, АТА ж.б.

2 /АП/ «П» үнсүз тыбышты билгизет/: ат,от, ур.

3 /АЛП./ «Л» каткалаң үнсүз менен катар айтылган жумшак үнсүздү билгизет. Мындай үнсүздөр «Морфологияда» муунчул үнсүздөр» деп аталат/: Ант, арт,айт. ж.б.

4/ ПА: же, ме, саа.

5/ ПАП: дан, төр, түн, бут, кат.

6/ ПАЛП: даңк, тарт, кант, кайт.

[2] Биз проф. С.Кеңесбаевдин муун жөнүндөгү пикирине толугу менен кошулабыз /караңыз: «Буын», Казiргi Казак тiлi, 1954, 138-б/.

7/ ППА: Ста-лин, пролетариат / мында сөз биринчи муундар жөнүндө бара жатат - Ж.О./.

8/ ППАП: үчилтик, Фрунзе, Крупская.

9/ ППАЛП: спорт, транспорт/ биринчи сөз бүтүн, экинчи сөздүн 2-мууну эске алынган – Ж.О./.

Муун жөнүндөгү К.Тыныста-новдун пикирине карата төмөнкүлөрдү айтууга болот:

а/ Муундун фонетикалык категория экендиги, анын аныктамасы туура берилген. Ошондуктан ал аныктама принципиалдуу өзгөрүүгө учурабастан, кийинки грамматикаларда да колдонулуп келе жатат.

б/ Муундун структуралык өзгөчөлүгүн көрсөтүү жагынан биз сөз кылып жаткан эмгек азыркы кездеги мектеп грамматикаларынан /Мор-фологиядан жогору турат.

в/Муундун түрлөрү/ачык муун, жабык муун/

К.Тыныстановдун эмгегинде бериллген эмес. Бул кийинки эмгектерден жолугат. Эгерде К.Тыныстанов тарабынан белгиленген муундун түзүлүшү жогорудагы өзгөчөлүгүн анын /муундун/ түрлөрүнө карата топтоштурсак, А, ПА, ППА-ачык муунга, АП, АЛП, ПАП, ПАЛП, ППАП, ППАЛП жабык муунга кирет. Айрым изилдөөчүлөр[3] жабык менен туюк муунду экиге бөлүп, аларды өз ара айырмалап карашат. Эгерде бул пикирди эске алсак, анда АП, АЛП жабык муунга кирет / үндүү менен башталып, үнсүз менен аяктаган/; ПАП, ПАЛП, ППАП, ППАЛП туюк муун болуп саналат/ үнсүз менен башталып, үнсүз менен аяктаган/.

Жыйынтыктай келгенде проф. К.Тыныстанов фонетикалык маселе-лердин изилденишинде муун түзүлүшүн, муундун типтерин туура көрсөткөн. Бул пикир азыр да өз күчүн сактай алат.

Проф. К.Тыныстанов кыргыз тилинин фактыларын белгилүү системага келтирүүчү гана эмес, ал фактыга карата туура ой жүгүртө билген, ылайыктуу терминдерди түзө алган кылдат тилчи.

Адабияттар

1. Аванесов Р.И. Кратчайшая звуковая единица в составе слова и морфемы. Сб., Вопросы грамматического строя. -М., 1955.
2. Абдулдаев Э. Азыркы кыргыз тили. -Б., 1998.
3. Бакеев К., Бактыбаев Ү. Кыргыз тилинин морфологиясы, орто мектептин 5-6-класстары үчүн окуу китеби /оңдолуп 2-басылышы/. - 1939.
4. Батманов И.А. Грамматика киргизского языка. Вып. 3. -1940.
5. Исаев Д. Кыргыз тилинин грамматикасы. 1-бөлүк.- 1955.
6. Мамытов Ж. Азыркы кыргыз тили. Фонетика жана лексикология. -Б. 1999.

[3] Мисалы, проф. С. Кеңеспаевдин жалгыз үндүүдөн, же үнсүз менен үндүүнүн айкалышынан турган муунду ачык муун, үндүүдөн башталып үнсүздөн бүткөн муунду туюк муун, үнсүз менен башталып, үнсүз менен аяктаган муунду бүтүн муун/ казакча-бітеу буын/деп карайт/»Буын деген бөлүм, Казіргі казак тілі , 141-б./. Ал эми кээ бир эмгектерде, жалпы тил илими боюнча жазылган эмгектерде, мындан башкачараак бөлүштүрүү да бар. Бул жөнүндө А.А.Реформатскийдин «Введение в языкознание» /М., 1965/ аттуу эмгегинин 156-бетин карооо болот.

7. Орузбаева Б.О. Линвистикалык терминдердин орусча- кыргызча сөздүгү. -Ф., 1972.
8. Тыныстанов К. Кыргыз тилинин морфологиясы. -1934.
9. Юдахин К.К. Лингвистика в Киргизии. Сб. Наука в Киргизии за 20 лет.-1946.
10. Осмонова Ж. Проф. Кусеин Карасаев жана кыргыз тил илими. //Журнал. Кыргыз тили жана адабияты. №3, -2002.
11. Осмонова Ж. Официалдуу – иштиктүү стилдин жана анда колдонулуучу терминдердин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү (юридикалык терминдер боюнча). Фил. илимд. кандидаты, доц., белгилүү манас таануучу Акбар Сыдыковдун 70 жылдыгына арн. ил.-практ. конф. эмгектери. №2, -2004.

12. Осмонова Ж. Окумуштуу-педагог Самак Давлетовдун жарыяланган илимий методикалык макалалары жөнүндө. //Кыргыз тили жана адабияты. №8, -2005.

13. Осмонова Ж. Фразеологизм-дердин бир бүтүндүк мааниси жана өтмө маани. // Кыргыз тили жана адабияты. №9, -2005.